***DOI:10.26104/NNTIK.2023.14.59.065***

*Колдошов Т. Р.*

# КЫРГЫЗ ОБОНДУУ ЫРЛАРЫНЫН АДАБИЯТ ТААНУУ ИЛИМИНДЕ ИЗИЛДЕНҮҮ ТАРЫХЫ

*Колдошов Т. Р.*

# ИСТОРИЯ ИЗУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКИХ МЕЛОДИЧНЫХ ПЕСЕН В ЛИТЕРАТУРОВЕДЕНИИ

*T. Koldoshov*

# HISTORY OF THE STUDY OF KYRGYZ MELODIC SONGS IN LITERARY STUDIES

*УДК: 784.3:82-1*

*Макалада кыргыз элинин ыр чыгармачылык мурасы өтө бай көркөмдүүлүгүнө жана салттуулугуна ээ болуу менен бирге, улуттун мүнөзүн ачык-айкын чагылдырышы, анын салттуулугунун сакталуусу аркылуу өнүгүүсү, жашоо-тиричиликтин ар кандай шарттары менен болгон өзгөрүүлөргө карабастан, көптөгөн кылымдар ичинде бир муундан экинчи муунга өткөрүлүп туурууучу процесс катары эсептелиши каралган. Келечек урпактарга музыкалык маданиятынын мурасынан болгон обондуу ыр чыгармачылык процесси, изилдөөчүлөрдүн көңүлүн көптөгөн жылдардан бери буруп келүүсү тууралуу айтылат. Ошондой эле, адабият таануучулугунда, ыр искусствосу маданияттын эң негизги бөлүктөрүнүн биринен болуп саналышы, элдик маданий чыгармачылыгынын бир бөлүгүнөн болгон ыр фольклору, анын үзүрү, натыйжасы болуп эсептелиши көрсөтүлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *маданият, обондуу ыр, салттуулук, ыр чыгармачылыгы, искусство, адабият таануучулук, маданият таануу, фольклор.*

*В статье затрагивается богатое наследие песенного творчества кыргызского народа. Здесь воплощен национальный характер и развитие культурных традиций. Также предусмотрено, что песенное творческое наследие кыргызского народа, обладая богатейшей художественностью и традицией, ярко отражает характер нации, ее развитие через сохранение традиций рассматривается как подражательный процесс, передаваемый из поколения в поколение на протяжении многих столетий, несмотря на изменения в различных условиях жизни. Несмотря на различные изменения условий в жизни народа, происходят глобальные перемены и этот процесс не остается не замеченным со стороны музыковедов, искусствоведов, исследователей в течении многих лет. Также в литературоведении указывается, что исполнительское искусство остается основной частью музыкальной культуры кыргызского народа и является результатом творческой деятельности певцов-мелодистов.*

***Ключевые слова:*** *культура, традиционность, песня, песенное творчество, искусство, литературоведение, культурология, фольклор.*

*The article touches upon the rich heritage of the song creativity of the Kyrgyz people. The national character and the development of cultural traditions are embodied here. It is also stipulated that the song creative heritage of the Kyrgyz people, possessing the richest artistry and tradition, vividly reflects the character of the nation, its development through the preservation of traditions is considered as an imitative process passed down from generation to generation for many centuries, despite changes in various living conditions. Despite various changes in the conditions in the life of the people, global changes are taking place and this process has not remained unnoticed by musicologists, art historians, researchers for many years. Literary studies also indicate that performing arts remain the main part of the musical culture of the Kyrgyz people and are the result of the creative activity of melodic singers.*

***Key words:*** *culture, tradition, song creativity, song, melodists, songwriting, art, literary studies, cultural studies, folklore.*

Байыркы кыргыздар өзүнүн ички сезимдерин, айта турган ойлорун, жашоосу менен байланышкан окуяларын аска-зоолорго, моло таштарга жазып калтырышкан. Бул жагдайды изилдөөлөрдө, IV-X кылымдарда Эне-Сайда жашаган байыркы кыргыз урууларынын таш жазууларынын сакталгандыгы, Хакасияда жана Тувада 120дан ашык байыркы жазуу эстеликтери табылган. Эне-Сайдагы, Алтайдагы, Миң-Суу (Минусинск) ойдуңундагы жазууларын, руникалык жазмаларды сүрөттөрү менен изилдөөдө, оймолоп, коолдолгон жазуулар кыргыздарга таандык экендиги аныкталган [1, 297-б.].

V-VI кылымдардан XIII кылымдардын башына чейин, Кыргыз каганаты, Түрк каганаты, Уйгур каганаты доорлорунда Орхон-Эне-Сай жазуу тилдерин колдонушкан. Бул тил байыркы бабалардын тилинен болгон. Кыргыз элинин поэтикалык мурастарын, байыркы мезгилдерде жана V-VIII кылымдардагы Күлтегиндин, Билге-Кагандын ж.б. жаркын элестерине арналган жазуу эстеликтеринен да көрө алабыз. Бул тууралуу окумуштуу Анвар Байтур өзүнүн эмгегинде мындайча жазган: «Азыркы Орхон өзөнүнүн бойлорунан табылган «Күлтегин», «Билге каган», «Тоный укук», «Терхин», «Күлчоро» өңдүү таш жазма эстеликтери, көк түрк жана уйгур тайпалары так ошол байыркы кыргыз жазуусу менен жазылып калтырылган» [2, 116-б.]. Ал эми, профессор К. Конкобаев бул тууралуу мындайча жазган: «Байыркы жана орто кылымдардагы түрк элдери активдүү колдонгон жазма адабий орток түрк тилдери түрк коомчулугунда аябагандай маанилүү ролду ойногон. Түрк элдери колдонгон ошол тилдердин башатында, албетте, байыркы ата-бабаларыбыз жараткан, пайдаланган жазма адабий тилибиз – Орхон-Енисей жазуу тили болгон. Түрк

каганаты, Уйгур каганаты, Кыргыз каганаты доорлорунда, б.а. V-VI кылымдардан XIII кылымдардын баштарына чейин түрк элдери мамлекеттерин башкарууга ушул тилди колдонгон» [3, 3-б.].

Байыркы кыргыз элинин салттуу поэтикалык чыгармалары тууралуу V-VIII кылымдардагы түрк руникалык жазма эстеликтеринде чагылдыргандыгын өткөн кылымдардагы В.Томсен, В.Радлов, Ф.Е. Корш, А.Н. Бернштам, С.Е. Малов сыяктуу белгилүү түркологдордун жана Чыгыш таануучуларынын кол жазмаларынан кеңири кезиктире алабыз. Алсак, Ф.Е. Корш, поэзиянын башка формаларына караганда, жети-сегиз муундардан турган ыр саптары байыркы түрк элдеринин поэтикасында кезиккендигин жана хронологиясынын абдан эрте пайда болгондугун айткан [4, 26-б.]. Тарыхчылардын айтымына караганда, алар «Эне-Сайда жашаган байыркы түрк уруулары IV-X кылымдарда өзүлөрүнүн жазууларына ээ болушкандыгы кабарлардагы жазмаларда, атактуу адамдарга арналган эстеликтерде сакталып калган. Бул жазуулардан азыркы кыргыздардын ата-тегинин маданияты, ошол мезгилдерде эле жеткиликтүү түрдө өнүккөндүгүн айтууга болот. Эгер тарыхый ыңгайлуу жагдайдагы шарттары болсо, байыркы түрк жазуулары, зор адабий жазуусунун пайда болуусуна реалдуу түрдө түрткү бермек» [5, 12-б.]. Мындай ойду Ч.Валиханов да айткан: «Кытайлардын жана мусулман жазууларынын даректери боюнча, байыркы кыргыздар жазуусуна ээ болуп, башка көчмөндөргө салыштырмалуу маданияттын жогорку баскычында турушкан» [6, 36-37-бб.]. Ал эми, белгилүү тарыхчы А.Н. Бернштам Эне-Сайдан табылган эстеликтерди (өзгөчө Барлык, Берге эстеликтерин) талдоого алып, андагы тексттердин рифмаланган ыр түрүндө экендигин далилдеп, анан мындай корутундуларды жазган: «Тарыхый далилдер Енисей жазууларынын өзүнүн мазмуну өңдүү эле, алардын байыркы кыргыздарга таандык экендигин жетишээрлик тактыкта айтып берет. Башкача айтканда, Енисей жазууларынын авторлору кыргыздар болгон деп айтууга болот жана ал жазууларды таштарга сабаттуу чекиттер менен чегип жазган» [7, 10-б.]. Профессор С.Е. Малов Эне-Сай эстеликтерин изилдөөдөн улам, өзүнүн «Енисейская письменность тюрков» аттуу эмгегинде: «Түрктөрдүн Енисей жазууларынын эстеликтерин мүнөздөө, биздин ишенимибмз боюнча, кыргыз элинин байыркы маданиятынын бай экендигин чагылдырууга жана терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берип жатат» – деп жазган [8, 3-б.].

Байыркы кыргыздардын таш жазуу эстеликтеринен тышкары, оозеки чыгармачылыктары да абдан өнүккөн. Демек, бул кыргыздардын маданиятынын өнүгүүсү байыркы мезгилдерде эле кыйла деңгээлге жеткендигинен кабар берип турат. Байыркы элдик обондуу ырлардын жети-сегиз муундардагы өлчөмү, биздин күнгө чейин келип жетти. Ооба, байыркы ырлардын тигил же бул ыр саптарынын формасынын тарыхый эволюциясын окуп-өздөштүрүү тууралуу сөз болгондо, аларды деталдуу түрдө жана поэтикалык жанрдын бүтүндөй өнүгүү жолун аныктап изилдөөлөр өтө аз. Ошондой болсо да, В. Гордлевский – байыркы мезгилдерден бери, жети-сегиз муундуу форма, поэзиянын түрк элдеринин дээрлик көпчүлүгүнүн эң жөнөкөй жана сүйүктүү формаларынан болгондугун белгилеген [9, 69-б.].

Орус элинин илимпоздору жана саякатчылары XIX кылым ичинде кыргыз жергесинде болуу менен, байыркы элдин музыкалык-поэтикалык жанрларынын көркөм баалуулуктарына бир нече жолу кайрылышып, өзүлөрүнүн эмгектеринде белгилешкен. Өзүнчө саякатчылар тобун жетектеген этнограф И.Г. Георги кыргыздардын кызды күйөөгө узатууда («кыз узатуу» тоюнда), ырдоо, узатуу ырлары, бийлөө, күрөш, жаа атмай, ат чабыш ж. б. коштолгондугун жана тойдун бир канча күнгө созулгандыгын таң калуу менен билдирген [10, 138-б.]. Ал эми, А.И. Левшин өзүнүн «Описание киргиз-казачьих или киргиз-кайсакских орд и степей» аттуу белгилүү эмгегинин үчүнчү бөлүмүндө, кыргыз-казак ырларынын жаралыш процессин кеңири баяндап берген. Анын ою боюнча, ыр саптарынын түзүлүшү жана обону, ошондой эле, ырчы табиятынан акын жана музыкант болгондугунун, жана анын бир ырчы аркылуу күбөлөнүшүн билдирген [11, 136-140-бб.].

XIX кылымдын башынан тартып, Октябрь революциясына чейинки мезгилиндеги окумуштуулар – Ч.Валиханов, В.В. Радлов, Д. Алмаши, А. Эйхгорн ж.б. кыргыз музыкалык-поэтикалык чыгармаларын изилдөөчүлөрү, ырлардын идеялык-тематикалык, жанрдык жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнө өзгөчө көңүл бурушкан. Ч. Валиханов «Манас» эпосу менен катар, кыргыз элинин санжырасын, тарыхый уламаларын, оозеки чыгармаларын чогултуп изилдөөгө алган. Ал, кыргыздын Телтай аттуу төкмө ырчысына жолугуп, анын ырчы-акындык өзгөчөлүгүн «феномен» деп атоо менен жогору баалаган. Бул тууралуу академик Э.К. Маргулан: «Чоконго ар түрдүү кызыктуу ырларын айтып, өзүнүн акындык касиетин көрсөтпөсө, Чокон аны «феномен» деп айтпаган болоор эле» – деп жазган [12, 4-б.]. Демек, кыргыздын ырчы-акындарынын чыгармачылыгы менен катар, ырчылык-аткаруучулук маданиятынын жогорку деңгээлде экендигин айтууга болот.

Академик В.В. Радлов болсо, 1862-жылы Текестеги кыргыздарда жана 1869-жылы Ысык-Көлдө жана Чүй өрөөнүндө болуп, элдик оозеки чыгармачылыгынын көптөгөн үлгүлөрүн жазып алган. Ал эми, Ташкентте он үч жыл (1870-1883) жашаган, Орто Азия жана Казакстан элдеринин музыкалык жана этнографиялык жагдайын изилдеген Август Эйхгорн кыргыз-казактардын оозеки поэтикалык чыгармачылыгын

мүнөздөгөн, элдик ырлардын спецификасын жана эстетикалык багытын кыскача жазган. Анын ою боюнча, лирикалык ырларда жөнөкөй элдин үмүт-тилеги, ой-максаттары, жашоо-турмушу, анын дүйнө таануусу жана сезими, ошондой эле табият-жаратылыш чагылдырылгандыгын айткан [13, 4-б.]. Мына ушундай байкоолордон кийин, элдик ырлардын эң укмуштуудай сонундугун түшүнүү үчүн, аларда чагылдырылып ырдалган элдин жашоо-тиричилигин жана табияттын, жаратылыштын көркөм-кооздугун көрүп-билүү керек экендигин айтууга болот.

Окумуштуу А. Левшиндин жогоруда көрсөтүлгөн эмгегинде, кыргыз ырлары үч негизги жанрлардан: баатырдык эпострдон, жашоо-тиричиликтин салттуулугун чагылдырган жана лирикалык ырлардан тургандыгын көрсөткөн. Ал эми, М.В. Готовицкий өзүнүн «О характере киргизских песен» аттуу эмгегинде, кыргыздардын обондуу ыр чыгармачылыгын эпикалык, лирикалык жана драмалык жанрлар деп бөлгөн. Ал, кыргыз ырларынын жөнөкөйлүүлүгүнө жана ошону менен бирге, укмуштуудай поэтикалуулугуна суктангандыгын билдирген [14, 4-б.]. Бул изилдөөлөрдө, кыргыз элдик обондуу ырлары үстүртөдөн гана каралгандыгын көрүүгө болот. Ошондой болсо да, элдик обондуу ырлардын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү жогору баалангандыгын көрөбүз. Кыргыз обондуу ыры тууралуу мындай ойду белгилүү адабиятчы Г. Гачев, адабияттын өнүгүүсү тууралуу эмгегинде: «Ыр, искусствого караганда бир канча артык болгон, б. а. табияттын жана адамдардын кайрат-күчүн топтогон сыйкырлоо менен болгондой, ал өзүнүн ыйык сезиминде аткарылды. Ушундай мүнөздө, Кыргызстанда (тагыраак айтканда, кыргыздарда) ыр, элдик ыр чыгармачылыгынын бир эле эмес, синкреттүү жана негизги формаларынан болуу менен, шаардык өнөр жайлуу, соодалуу отурукташкан өлкөлөргө салыштырмалуу, анын жашоодогу салмагы элдин тарыхында жана маданиятында алда канча өлчөөсү жогору турган», – деп жазган [14, 395-б.]. Демек, белгилүү адабиятчынын оюн туура көрүү менен бирге, кыргыз элдик обондуу ырлары эл ичинде кандайдыр бир деңгээлде өзүнүн салттуулугу, көркөмдүүлүгү, образдуулугу, тарыхыйлыгы, элдиктүүлүгү менен артыкчылыкка ээ экендигин айта алабыз.

Кыргыз элинин оозеки поэтикалык жана музыкалык чыгармачылыгынын абдан бай жана көп түрдүү жанрларынын бири – элдик обондуу ырлары. Элдик обондуу ырлар, эл ичинен чыккан ышкылуу музыкалык жана акындык жөндөмдүүлүгү барлар тарабынан жаралган эки искусствонун: музыканын жана поэзиянын биримдигинен турат. Мындай тенденция миңдеген кылымдарды өз ичине камтуу менен, бүгүнкү күнгө чейин келип жетти.

Негизинен обондуу ырлардын мазмундары ар түрдүү мүнөздөрдө болсо да, алардын музыкалык көркөмдүк өзгөчөлүктөрү жана жашоо-тиричилик менен байланыштыгы боюнча мүнөздөрүнүн жалпылыгы жок эмес. Көлөмдүү жанрлардагы бир түрдүү ырларды талдоодо, изилдөөчүлөр аларга мүнөздүү келген ар кандай белгилерине жана өзгөчөлүктөрүнө таянуу жасашат. Ооба, бул жагдайда сөзсүз түрдө, ал ырлардын обондору менен айкалышкан сөздөрүнүн мазмуну өтө маанилүү.

Элдик обондуу ырлардын абдан татаал жана узакка созулган өнүгүү жолу, кыргыз элинин социалдык-тарыхый жашоо шартынын жагдайларына жараша ар кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Обондуу ыр жана аны жаратуу, адам баласынын аң сезиминде, ой толгоосунда болуп өтүүчү процессти чагылдыргандыгы маалым. Ырлардын поэтикалык саптарына шайкеш келген обону, өзүнө ар кандай мүнөздөрдү: адамдын кубанычын да, кайгысын да, жашоодогу ар кандай шартарына байланышкан абалдарын да камтыган. Мындай ар тараптуу келген жана динамикалык процесс, обондуу ыр жанрынын спецификасына, анын поэтикалык өзгөчөлүгүнө шарт түзүп турат.

Жалпы элдин нечен кылымдар бою көчмөндүк жашоо-тиричилигинде, өткөн кылымдын башынан тартып (1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин), кескин түрдө өзгөрүүлөр боло баштаган. 1925-жылы кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы музыкалык-поэтикалык мурастарын жыйноо башталып, Каюм Мифтаков, Ыбырайым Абдахманов, А.В. Затаевич, М.О. Ауэзов, К.К. Юдахин, А.К. Бернштам, С.М. Абрамзон сыяктуу изилдөөчү-окумуштуулар белсемдүү иштерди жүргүзүшкөн.

Элдик оозеки чыгармачылыгындагы музыкалык-поэтикалык мурастарын жыйноого, ошондой эле Пишпектеги (азыркы Бишкек), Алма-Атадагы, Ташкенттеги окуу жайларда билим алган кыргыз жаштары тартылат. Алар жайкы каникул мезгилдеринде, өзгөчө элдик обондуу ырлар менен аспаптык күүлөрдү элдик таланттардын аткаруусунда жазып алышкан. Орустун музыка изилдөөчүсү, этнограф А.В. Затаевич тарабынан да, Москва, Ташкент шаарларында окуган кыргыз жаштарынан, элдик обондуу ырларын жазып алып, өзүнүн «Кыргыз элинин 1000 ыры» аттуу жыйнагын басмадан чыгарат. Ал эми, 1928-жылы А.В. Затаевич кыргыз өкмөтүнүн чакыруусу менен Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарына келип, аспаптык күүлөрү менен катар, кыргыздын элдик залкар музыканттары Т. Сатылганов, М. Мусулманкулов, М. Баетов, А.Огонбаев, Ш. Термечиков, К. Жантошев. А.Токтомушев, А. Малдыбаев, Ж. Шералиев, А. Үсөнбаев, О.Бөлөбалаев ж. б. жоон топ обондуу ырлардын үлгүлөрүн ноталаштырып жазып алып, «Кыргыздын 250 аспаптык күүлөрү жана обондору» деп аталган жыйнагы 1934-жылы Москвадан басылып чыгат. Жыйнакта ар бир күү жана обон боюнча кыскача мүнөздөмөлөр берилген.

Ошентип, өткөн кылымдын 30-жылдарында кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгына, адабиятына, аларды жыйноого жана эл ичине кеңири таратууга өзгөчө көңүл бурула баштайт. Оозеки чыгармачылык менен бирге, кыргыз ырчы-акындары Токтогул менен Тоголок Молдонун, ошондой эле Алымкул менен Осмонкулдун, Ысак менен Барпынын обондуу ырлары, поэмалары өзүнчө жыйнак болуп, жарыкка чыга баштайт. Элдик оозеки чыгармаларды жыйноону Жазуучулар Союзунун поэзия секциясы, Край таануу илим-изилдөө институту (1928), кийинчерээк Тил жана жазуу илим изилдөө институту (1935), Кыргызстан мамлекеттик педагогикалык институтунун (кийинчерээк университеттин) кыргыз тил жана адабият кафедралары, Кыргыз мамлекеттик педагогикалык техникумунун окутуучулары жана студенттери колго алышып, изилдөөгө кызуу киришкен. Жогоруда аталган уюмдар жана мекемелер, окуу жайлары Кыргызстандын ар кайсы аймактарына экспедициялардын тобун жиберип, элдик музыкалык-поэтикалык мурастарын жыйноону иш жүзүнө ашырышкан.

Өткөн кылымдын 50-жылдарында элдик ырларды жыйноо жана изилдөө иштери боюнча бир катар иштер жүргүзүлүп, басмадан жарыкка көргөн. Ал эми, элдик ырчы-акындардын ырлары кыргыз поэзиясынын антологиясынан кеңири орун алган. Кыргыз ырчы-акындарынын поэтикалык чыгармаларын изилдөөлөр колго алынган. Алгачкы изилдөөлөр өткөн кылымдагы акындардын чыгармачылыктарынын өнүгүүлөрү, ошол акындар жашаган доордун шарттарына жараша чыгармалардын жаралышы жана өнүгүү өзгөчөлүктөрү боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Токтогул Сатылгановдун өмүрүн, чыгармачылык жана аткаруучулук ишмердүүлүктөрү боюнча илимий эмгектер, макалалар, изилдөөлөр жазылган. Мисалга алсак, музыка таануучу В.С. Виноградов «Токтогул Сатылганов жана кыргыз акындары» ошондой эле, акындын чыгармачылыгы изилдөөгө алынып, маалыматтар кеңири камтылган.

Элдик ырчы-акындарынын чыгармалыктары жана аткаруучулук чеберчиликтери боюнча изилдөөлөр улантылып, Ж. Таштемиров тарабынан «Тоголок Молдонун чыгармачылык жолу» деп аталган изилдөөсү, ошондой эле, Ж. Таштемиров менен С. Байкоджоев тарабынан, Калык Акиевдин, Барпы Алыкуловдун, Алымкул Үсөнбаевдин Осмонкул Бөлөбалаевдин чыгармачылыктарын чагылдырган монографиялык изилдөөлөр басмадан жарыкка чыккан. Жогорудагы аталган изилдөөлөр, ырчы-акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн, алардын кыргыз музыкалык-поэтикалык маданиятына кошкон салымдары жана орду тууралуу баяндалган илимий эмгектерден болуп эсептелет. 1956-жылы элдик ырлардын айтылыш жагдайлары, мазмуну жана жанрдык өзгөчөлүктөрү боюнча С. Закировдун жана А. Токомбаеванын «Кыргыздын элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү» аттуу изилдөөлөрү жүргүзүлгөн.

1965-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун (ООН) ЮНЕСКО уюмунун чечими менен, кыргыз оозеки чыгармаларынын чет элдердин тилдерине которулуу менен, акындардын поэтикалык чыгармалары да орус тилине которулган. Алардын ичинде Токтогул менен Тоголок Молдонун тандалган чыгармалары Москвадан басмадан чыгат. Ошондой эле, Барпы Алыкуловдун, Осмонкул Бөлөбалаевдин, Алымкул Үсөнбаевдин чыгармалары да орус тилинде басмадан жарык көрөт. 1967-жылы кыргыз элинин лирикалык ырларынын айрым үлгүлөрүн топтогон «Кыргыз эл ырлары» аттуу жыйнак басмадан чыккан. «Кыргыздын ыр түзүлүшү» (автору К. Рысалиев), «Кыргыз поэзиясынын рифмасы» жана «Кыргыз ыр түзүлүшүнүн кээ бир маселелери» (автору Б. Керимжанова) аттуу илимий изилдөөчүлүк эмгектерде, элдик оозеки чыгармачылык менен ырчы-акындардын поэзиясынын ыр түзүлүштөрү кеңири чагылдырылган. Бул эмгектердин дагы кыргыз поэзиялык чыгармачылыгындагы орду жана салымы зор.

Кыргыз элдик ыр чыгармачылыгы жалпы коомдун руханий маданияты катары көптөгөн кылымдар бою оозеки музыкалык-поэтикалык салттуулукта өнүгүү жолунда болду. Адабий жана фольклордук жанрлар, ошондой эле, обондуу ырлардын жанрдык ар түрдүүлүк системасында, жалпы айырмачылык өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүдө, ага элдин тарыхы менен байланышкан анын эволюциясын кароо мүнөздүү. Мындай маселелер окумуштуулар тарабынан колго алынуу менен өздөштүрүлүп, талдоо жүргүзүү менен изилденүүсү талаптуу. Бир катар жылдар ичинде, элдик обондуу ырларды жыйноо жана изилдөө ар түрдүү мүнөздө болушу менен өзгөчөлөнгөн. Оозеки поэтикалык чыгармалардын жанрдык жана тематикалык өзгөчөлүктөрү менен өзүнчө изилдөөгө алынган. Мына ушундай изилдөөчүлүк маселелерди талкууга алуу менен, ишке ашырууну Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын тил жана адабият институту уюштурган.

Кыргыз элдик обондуу ырларды изилдөө, этномузыкалык маданият адистерине, маданият жана искусство таануу ишмерлерине, ошондо эле эл чыгармачылыгындагы ишмерлерине тиешелүү иш. Элдик обондуу ырларды сактоонун жана өнүктүрүүнүн эң негизги маселелеринен болуп, маданият, искусство жана музыкалык орто жана жогорку окуу жайларда, элдик ырларды изидөө маселелсин, окуу тартибиндеги билим берүү программасына киргизүү менен, жаш муундарды терең окутуу зептелет. Ошондой эле, өздүк көркөм чыгармачылык жамаатынын активдүү ишмердүүлүгүнүн негизи болуп саналат.

Обондуу ыр, адабияттагы жана искусстводогу өзүнчө жанр катары каралуусу менен, өзүнө көркөм

чыгарма катары ар кандай элементтерди жана түзүлүштөрдү камтыган өзүнүн поэтикалык системасына ээ болуусу менен, коомчулукта ар дайым өнүгүү жолунда болот. Бул, поэтикалык системанын ички мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берүүдө, кыргыз обондуу ыр чыгармачылыгынын жана адабиятынын көптөгөн кылымдар бою өнүккөн оозеки поэтикалык салттуулук өзгөчөлүктөрүн илимий изилдөөчүлүк деңгээлде аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Ошону менен бирге, адабияттык жана фольклордук жанрларды, алардын ар түрдүүлүгүн, ошондой эле жалпы жана айырмачылык мүнөздөрүн изилдөөдө, байыркы элдин тарыхы менен байланышкан эволюциясын кароо зарыл.

Кыргыз элдик ыр чыгармачылыгынын адабият таануучулук жагдайында тарыхый изилденүүсү тууралуу сөз болгондо, обон менен поэзиянын адабияттык-маданият таануучулук маселелерин жана алардын түзүлүш элементтерин калыптануу менен өнүгүүсүндөгү бири-бири менен болгон байланыштарын изилдөөнүн керектиги турат. Мындай маселелер, сөзсүз түрдө кыргыз адабиятынын, анын ичинде обондуу ырлардын тарыхый өнүгүү процесстери менен ажырагыс түрдө байланышта каралат. СССРдин мезгилинде, кыргыз обондуу ыр жанрынын тарыхый өнүгүүсү, анын поэтикалык өзгөчөлүгү тийиштүү деңгээлде илимий жактан каралган жок. Ошондой болсо да, кыргыз адабиятчыларынын, фольклорчуларынын жана музыка таануучуларынын илимий-теориялык эмгектерин белгилөөгө болот. Алар элдик музыка (анын ичинде обондуу ырлар дагы) боюнча бир катар эмгектер жарык көргөн.

**Адабияттар:**


1. Киселёв С. В. Культура и искусство енисейских кыргызов. В кн.: Древние истории Южной Сибири. Ч. 3. Сложение государств. Гл. IX. Енисейские кыргызы (хакасы). – Л., 1949. - С. 297.
2. Анвар Байтур. Кыргыз тарыхынын лекциялары. 1-к. – Б., «Учкун», 1992. - 116-б. (128 б.).
3. Конкобаев К. Байыркы түрк жазуу эстеликтери. Г. Абдрахмановдун «Бабалардан калган жазма эстелик (байыркы кыпчактар китеби) китебинде. – Б., «Полиграфбумресурсы», 2012. - 3-б. (130 б.).
4. Корш Ф. Древнейший народный стих турецких племен. - СПб, 1909. С. 26.
5. История кыргызского искусства. Краткий очерк. Ред. А.А. Салиев, Т. Плоских, В. Погорелова, С. Чернов. – Ф., «Илим», 1971. - С. 12.
6. Валиханов Ч. Записки о киргизах. Собр. Соч.: в 5-ти т. / Ч. Ч. Валиханов. – Алма-Ата, 1985. - Т. 2. - С. 36-37.
7. Бернштам А. Н. Кыргыз адабиятынын башаттары. «СССР ИАнын кыргыз филиалынын тил, адабият жана тарых институтунун эмгектери» жыйнагында. – М., 1944. - 10-б.
8. Малов С.Е. Енисейская письменность тюрков. – М., 1952. - С. 3.
9. Георги И.Г. Описание всех обитающих в Российском государстве народов. – СПб, 1799. - С. 138.
10. Левшин А. Описание киргиз-казачьих или киргиз-кайсацких орд и степей. – СПб., 1832. - Ч. III. - С. 136-140.
11. Маргулан А. «Манастын» Чокон жазып алган нускасы табылды. «Казак адебияты» гезити, 1965, 9-апр. - №15. - 4-б.
12. Эйхгорн А. Музыка киргизов. Музыкальная фольклористика в Узбекистане. - Ташкент, 1963. - С. 71.
13. Готовицкий М.В. О киргизских и сартских народных песнях. "Этнографическое обозрение", 1889. - Кн. 3. - С. 79.
14. Гачев Г. Неминуемое. Ускоренное развитие культуры. – М.: 1970. - С. 395.